Кыргыз Республикасынын
"Менин үйүм" мамлекеттик турак
жай программасынын
катышуучуларын тандоо
тартибине
**тиркеме**

Форма

**Жеке маалыматтар субъектинин өзүнүн жеке**

**маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга жана берүүгө**

**МАКУЛДУГУ**

Мен,__________________________________________________________

(аты-жөнү)

__________________________________________________________

Кыргыз Республикасында берилген ИЖН

__________________________________________________________

Ким экендигин күбөлөндүргөн документ (документтин түрү)

__________________________________________________________

Сериясы, номери, берилген (берилген күнү, берген органдын аталышы)

__________________________________________________________

Иш жүзүндө жашаган дареги

__________________________________________________________

Катталган жеринин дареги

__________________________________________________________

Байланыш телефону

__________________________________________________________

Электрондук почтасы

Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Чыңгыз Айтматов проспекти, № 1 дареги боюнча жайгашкан "Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коомуна операциялардын төмөнкүдөй түрлөрүн жасоого эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен макулдук берем:

- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынан, кредиттик бюролордон менин жеке маалыматтарымды жана жашы жете элек үй-бүлө мүчөлөрүмдүн жеке маалыматтарын сурап алууга;

- менин жана жашы жете элек үй-бүлө мүчөлөрүмдүн жеке маалыматтарын иштеп чыгууга (аткаруу ыкмасына карабастан, жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан же болбосо анын тапшырмасы менен жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана бузуу максатында автоматтык каражаттар менен же аларсыз аткарылуучу ар кандай операция же операциялардын топтому);

- жеке маалыматтарды "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга (жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан) берүүгө;

- жеке маалыматтарды трансчек аралык берүүгө (жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган жеке маалыматтардын кармоочуларына берүүсү).

Менин үй-бүлөмдүн жашы жете элек мүчөлөрү (аты-жөнү):

1.______________________________________________________________________

2.______________________________________________________________________

3. ______________________________________________________________________

4.______________________________________________________________________

5. ______________________________________________________________________

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды турак жай программасына катышуу үчүн иштеп чыгуу максатында берем.

Адамды идентификациялоо жана кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды текшерүү боюнча автоматташтырылган электрондук система аркылуу суроо-талаптар боюнча чыгымдарды төлөөгө милдеттенем жана система каттоодон баш тарткан учурда, жүргүзүлгөн суроо-талаптарга акы төлөө боюнча чыгымдардын ордун толтурууга милдеттенем.

Ошондой эле төмөнкүлөрдү ырастайм:

1) "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартиби жана формасы менен тааныштым;

2) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук бул макулдашууга кол коюлган күндөн тартып турак жай программасына катышууга менин арызымды/кайрылуумду кароонун бардык мөөнөтүнүн ичинде колдонула тургандыгы менен тааныштым;

3) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде чакыртып алынышы мүмкүн экендиги менен тааныштым;

4) макулдук кайтарылып алынган учурда менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгуу "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экендиги менен тааныштым; Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм" мамлекеттик турак жай программасы 19

5) берилген документтер жана көрсөтүлгөн маалыматтар анык, турак үйгө кредит берүү программасынын катышуучуларын тандоо критерийлери, ошондой эле ипотекалык кредит берүү шарттары жана турак үйгө карата талаптар менен тааныштым;

6) төмөнкү себептер боюнча мобилдик тиркемелер аркылуу жеке маалыматтарды издөөгө макулдук берүү мүмкүнчүлүгү жок:

___________________________________________________________________________

Жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндө укуктар жана милдеттер тууралуу мага түшүндүрүлдү.

20___-жылдын “___” ________________________________________

(аты-жөнү)

_________________

(колу)

Тапшырылган документтердин аныктыгын жана туура толтурулгандыгын текшердим.

__________ ____________________________________________________

(колу) (ыйгарым укуктуу адамдын аты-жөнү)